# Адеп-ахлак таалими

**Arş.Gör. Macid YILMAZ**
Atatürk Üniversitesi İlahiyat Fakültesi / TURKİYE

**Özet**
**Ahlak Eğitimi**

Bu yazıda kısaca kavram olarak ahlâk kelimesi incelenecek, ardından günümüz dünyasında her zamankinden daha çok üzerinde durulan bir problem alanı olan ahlâk eğitimi konu edinilecektir. Ahlâk eğitimi işlenirken, konuyla iç içe kavramlar olan sosyal çevre, eğilimler ve vicdan konusu da ayrıntılara girilmeden ele alınacaktır. Son olarak ahlâk eğitiminin uygulayıcıları konumunda olan özellikle anne-babalara, öğretmenlere ve yaygın din eğitimini yürütmekle görevli uzmanlara yönelik olarak ahlâk eğitiminde izlenebilecek bazı ilkelere yer verilecektir.

**Anahtar kelimeler:** Eğitim, ahlak, davranış, vicdan

## а. Адеп-ахлак түшүнүгү.

«Ахлак» сөзү арапчадан «жаратуу, жаратылыш жана жаратылган» сыяктуу маанилерге келген «халк» сөзү менен уңгулаш «хулк» же болбосо «хулук» сөзүнүн көптүк түрү болуп саналат. Ахлак сөзүнүн мааниси мүнөз, абал жана кыймыл-аракет деген маанилерди камтып, адамда калыптанган бир мүнөздү түшүндүрүү менен бирге, терминологиялык мааниде адамдын эрктүү кыймыл-аракети менен байланышкан чөйрө катары көңүлүбүздү бурат.

Убакытка, коомго жана маданияттарга жараша өзгөргөн жүрүм-турум усулунун тескерисинче адеп-ахлак түшүнүгү, өзгөрбөгөн жана мажбур жүрүм-турум эрежеси болуп саналат.[32] Мына ошондуктан ахлак сөзүнүн терминологиялык маанисине, кандайдыр бир коомдо жашаган адамдардын мажбур түрдө баш ийишкен жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысы деген аныктама берүү мүмкүн.

Ислам ойчулдарынын бири Газали ахлак терминин өнөкөт катары баалап, төмөндөгү кеңири маанидеги аныктаманы берет:

«Адеп-ахлак адамда бир адат (өнөкөт) сыяктуу, кыймыл-аракетин ойлонбостон, мажбурланбастан көнүмүш адат сыяктуу оңой жана кеңири эле аткара берет»[33]

Демек, адеп-ахлак адамдын кылган ишинен же жүрүм-турумунан да көбүрөөк кылык-жоруктун булагы жана негизи болуп саналган, аларды пайда кылган рухий жөндөмдөрдү камтыйт.[34] Негизинен жогорудагы аныктамаларда ачык-айкын көрүнгөндөй, ахлак түшүнүгүнүн сырткы көрүнүшүнө караганда ички маанисине өзгөчө басым жасалган. Ахлак

---

[32] Mustafa Çağırıcı, **Ana hatları ile İslam Ahlâkı**, Enser Neşriyat, İstanbul 1985, 15
[33] Ebu Hamid Gazali, **İhya-u Ulûmi'd- Dîn**, (Çev. A. Serdaroğlu), Bedir Yayınları, İstanbul 1975, cilt.1, 53.
[34] Çağrıcı, **a.g.e.**, 16; Ahmet İnam, *"Olanın Ahlâkı"*, **Felsefe Dünyası**, sayı 23, Ankara 1997, 13.

түшүнүгү руханий дүйнөгө ышаарат кылуу менен катар түрдүү жүрүм-турумдарды өзүнө камтыган түзүлүшкө ээ. Ислам философтору ахлак терминине «напсинда (рухий дүйнөдө) калыптанган өнөкөттөр» деп аныктама беришсе, Ислам аалымдары ахлак терминин жөн гана теориялык жактан иликтебестен, анын таалими туурасында эмгектеринде түрдүү көз караштарга жана усулдарга орун беришкен.

Адеп-ахлак түшүнүгү илим чөйрөсүндө терең иликтөөгө алынган. Адеп-ахлактын терминологиялык мааниси кээде жалпы жашоо образын түшүндүргөн болсо (ислам адеби, Христиан адеби сыяктуу), кээде бир гана жүрүм-турум эрежесин (эмгек этикасы сыяктуу), кээде жүрүм-турум эрежелери же жашоо образы жаатындагы иликтөөлөр, талаш-тартыштар (ахлак философиясы сыяктуу) үч түрдүү маанилде колдонулуп келет.[35]

Адеп-ахлактын терминологиялык маанисине байланышкан көптөгөн (айрыкча философиялык жактан) аныктама берилсе да, заманыбыздагы булактардын көбү ахлактын руханий тарабына басым жасаган аныктамаларды беришет. Бул аныктамалар иликтенген учурда, ахлакты «адамдын рухий жана материалдык түзүлүшүндөгү, өнөкөттөрдүн, мотивдердин жана акыл-эс менен пайда болгон жүрүм-турумдардын илими»[36] деп жыйынтыктоого болот.

Психология илиминде адеп-ахлак; адамдын жүрүм-турумуна багыт берген ишенимдери, мүнөзү, сезимдери, өнөкөтү жана алардын натыйжасында пайда болгон жакшы же жаман деп баалана турган жүрүм-турумдары болуп саналат. Ал эми социология илиминде болсо; адам коомунда бир убакта калыптанган, адамдардын бири-бири менен болгон мамилесин орноткон эрежелер, негиздер жана ишенимдердин баарын ичине камтыйт. Кайсы иштин туура же ката экени адамдан адамга, коомдон коомго өзгөрөт. Ар бир адамда адеп-ахлак түшүнүгү болгон сыяктуу эле, адептүү жүрүм-турум да тарыхтын түрдүү доорлорунда башкача аныкталган.[37]

Адеп-ахлак жөнүндө кеп козголгон учурда сөзсүз түрдө адамзаты негизги ролду ойнойт. Анткени жамандык менен жакшылыкты акыл эстүү адам гана айырмалай билет. Ошону менен катар адептүү жүрүм-турумдардын коомдук тарабы өзгөчө мааниге ээ. Себеби адамдар коом түрүндө жашашпаганда, адеп-ахлак туурасында сөз кылуунун кажети жок болоор эле. Мына ошондуктан, адеп-ахлак адамдардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салган эрежелердин жыйындысы деп айтылат. Жалгыз адамдын жаман кылык-жоругу, башка бирөөгө же коомго зыян келтириши мүмкүн. Жакшы мамиле болсо, башкалары да жактырган жана адамдар ортосунда мамилелерге өбөлгө түзмөкчү. Бул жагдайда адеп-ахлак, адамдардын ортосундагы мамилелер, тактап айтканда коомдук турмуш муктаж болгон жүрүм-турумдар менен байланышкан термин болуп саналат.[38]

[35] Recep Kılıç, **Ahlâkın Dini Temeli**, TDV Yayınları, Ankara, 1996, 2.
[36] Esat Olgunsoy, **Geçmişten Günümüze Ahlâk Öğretisi**, Bahar Yayınları, İstanbul 1991, 9.
[37] M. Zeki Aydın, "*Ailede Ahlâk Eğitimi*", **CÜİFD.**, Sivas 2003, sayı 2, 126.
[38] Erol Güngör, **Ahlâk Psikolojisi ve Sosyal Ahlâk**, Ötüken Yayınları, İstanbul 1995, 12.

**б. Адеп-ахлак таалими (педагогикасы)**

Педагогиканын адеп-ахлак менен тыгыз байланышы бар. Бул байланышка жана кээ бир окшоштуктарга көңүл бурган болсок адеп-ахлак, жашоо менен түздөн-түз байланышкан терминдердин катарына кирип, коомдо адамдардын инсандык касиеттерге ылайыктуу жашоосун жана жогорку баалуулуктарга ээ болуусун көздөйт. Демек, адеп-ахлак педагогиканын максаты, колдонгон каражаты катары да көңүлүбүздү буруп турат. Адамзат, адеп-ахлак баалуулуктарынын таалимин алуу менен, бир тараптан адамдык сапатын калыптандырса, экинчи тараптан маңыздуу турмуш курууга жетишет. Ошол эле учурда, адам коомдук жана маданий нормаларга ылайыктуу мамиле кылуу менен бактылуулуктун даамын тартат.

Жогоруда адеп-ахлакка жакшы, эң сонун жана туура жүрүм-турумдар деп аныктама бердик эле. Бирок бул жүрүм-турум эрежелерин үйрөнүү, адеп-ахлак таалими үчүн жетишээрлик эмес. Бул эрежелерди кандайча пайдаланууну жана алардын жардамы менен балдарда адептүүлүктү өнөкөт жана мүнөз абалына келтирүү, башкача айтканда бул негиздерге ылайык жүрүм-турумдарды үйрөтүү зарыл. Ахлак түшүнүгү, мүнөз жана өнөкөт сөздөрү менен көбүнчө бирге колдонулушу ушул себептерге таянат.[39]

Адамдардын кыймыл-аракеттерин жана жүрүм-турумдарын, адат, аракет жана эрк сыяктуу сезимдер пайда кылат. Демек, адеп-ахлак таалиминде бул күчтөргө да өзгөчө көңүл буруу керек. Өнөкөткө: бир кыймыл-аракеттин тез-тез, бирок билбестен аткарылышынан улам, ахлактык мамилелерде негизги ролду ойнойт деп айтсак жаңылыш болоор. Себеби көнүп калган иштерди, алгач эрк, андан соң аракет менен аткарабыз. Булар кайталанып отуруп көнүмүш өнөкөткө айланат. Ошондуктан, негизги күч аракет менен эрк экенин баса белгилей кетүү зарыл. Бирок, ахлак түшүнүгүнө изилдөө жүргүзгөн адистер эмгектеринде, адептүү болууда жана милдеттерин өз каалоосу менен аткарууда өнөкөттүн ордун өзгөчө белгилешкен.[40] Өнөкөттөр балалыктын алгачкы жылдарынан калыптана баштап, убакыттын өтүүсү менен көнүмүш адаттарга айланат. Мына ошондуктан жакшы жүрүм-турумдарды атайын өнөкөткө айлантуу өтө чоң мааниге ээ.

Адамдын жүрүм-туруму, максаттардын сырткы дүйнөгө чагылышы жана түздөн-түз же кыйыр мааниде баа берилген бүтүндөй иш-аракеттери болуп саналат. Бул иш-аракеттер сырткы дүйнөдө, адамдын аракети жана жөндөмү катары көрүлгөндөй, ошол эле учурда рационалдык, эмоционалдык, социалдык жана адептик жүрүм-турумдар абалында да көрүнүшү мүмкүн.

[39] Beyza Bilgin - Mualla Selçuk, **Din Öğretimi Özel Öğretim Yöntemleri**, Gün Yayınları, Ankara 1997, 102.

[40] Адеп-ахлак таалиминде өнөкөт жана мааниси деген темада кеңири маалымат үчүн караңыз: Charrier-R. Ozouf, **Yaşanmış Pedagoji** (çev. N. Yüzbaşıoğulları), MEB. Ankara 1964, s.133; H. Fikret Kanad, **Ailede Çocuk Terbiyesi**, MEB. İstanbul 1976, 170, 172; Abbas Çelik, **İ.Hakkı Baltacıoğluna Göre Din Eğitimi**, Aktif Yayınevi, Erzurum 2004, 4.

Жүрүм-турум үйрөнүү функциясынан пайда болгон кубулуш болуп саналат. Үйрөнүү функциясы маалымат, ийкемдүүлүк жана кыял үч илтигинен турат.[41] Маалыматтар рационалдык, ийкемдүүлүк психо-мотор (көнүмүш адат) кыймыл-аракеттер болсо эмоционалдык жүрүм-турумдар экенин унутпоо керек. Диний жана ахлактык темалар максат кылган жүрүм-турумдар көбүнчө маалыматтарга таянып, ийкемдүүлүк жана кыймыл-аракетти камтыган темалар да бар. Ошону менен бирге, ийемдүүлүк менен кыймылды бири-биринен таптакыр ажыратуу кыйындыкка турат. Себеби булар көбүнчө тыгыз байланыштагы темалар абалында көрүнөт. Демек рационалдык чөйрөдөгү бир кыймыл, бир тараптан эмоционалдык, экинчи тараптан да ийкемдүүлүк чөйрөсү менен байланыштуу.

Адеп-ахлак таалиминде (педагогика), өспүрүмдүн рационалдык жана эмоционалдык өнүгүү процесси жөнүндө толук жана так маалыматка ээ болуу керек. Себеби, ахлактык өнүгүү, баланын рационалдык өнүгүүсү менен параллел калыптанат. Өспүрүмдүн акыл-эси ага үйрөнүү жөндөмүн берет. Анын сырткы чөйрөгө ылайыкташуусу жана бул чөйрөгө тиешелүү кээ бир негиздерди кабыл алуусу үчүн, анын акыл-эси белгилүү даражага жетиши керек. Бул маалыматтар психология илиминен алынып, педагогика илиминде пайдаланылмакчы.

**в. Адеп-ахлак таалиминин максаты.**

Адеп-ахлак таалими, өзү үчүн болсун, башка бирөө үчүн болсун жакшылыкка жана бакытка жетүүдө ак эмгегин аябаган адамды тарбиялоону максат кылат. Айрыкча адеп-ахлак таалими ар бир адамда өзгөчөлөнүп турган мүнөздөрдү туура багыттоо менен, адамдарды эң сонун табиятка жана мүнөзгө ээ кылып тарбиялоого аракеттенет.[42] Ошондой эле адеп-ахлак таалими адамдын адеп-ахлактык баалуулуктарды кабыл алуусу жана ага ылайыктуу жүрүм-турумдарды пайда кылуу үчүн теориялык негиздерди жана тажрыйбаларды иштеп чыгуу менен да алектенет. Бул жагдайга көңүл бурулган учурда адам, биринчи үй-бүлөсүнө, мектепке, кесибине жана коомдук турмушка ылайыктуу мамиле кылуусу өтө маанилүү. Демек, баланы коомдук чөйрөгө ылайыкташтыруудагы психологиялык жана педагогикалык шарттар жана факторлор, адеп-ахлак таалиминин негизги предметтерин түзөт.[43] Себеби коомдо адамдардын ортосундагы мамилени жөнгө салып турган укук системасынан да, адеп-ахлак эрежелери маанилүү рол ойнойт эмеспи?

Адамдардын жүрүм-туруму жогоруда айтылгандай эле өнөкөт жана эрктүүлүктүн негизинде пайда болот. Адат, бир кыймылды тез-тез кайталап отуруп пайда болгондуктан, адеп-ахлакта негизи фактор катары каралбайт.

[41] Doğan Cüceloğlu, **İnsan ve Davranışı**, Remzi Kitabevi, İstanbul 1998, 139 vd; Feriha Baymur, **Genel Psikoloji**, İstanbul 1994, 67 vd.
[42] Bilgin ve Selçuk, **a.g.e.**, 102- 103.
[43] bkz. M. Münir Raşit Öymen, **Ahlâk Eğitimi ve Ahlâkın Testle Ölçülmesi**, Murat Matbaası, İstanbul 1975, 25.

Бирок эрк мындай эмес.[44] Анткени эрк сыяктуу ой-пикир жана акыл-эс менен кабыл алынган чечим, адеп-ахлак таалиминде өтө маанилүү негизди түзөт. Адам эркинин муктаждыгын камсыз кылуу жараянында убакыттын өтүүсү менен белгилүү окуялар үчүн белгилүү жүрүм-турумдарды калыптандырат.[45] Мунун натыйжасында пайда болгон жүрүм-турумдарыбыз дилибизди чагылдырып турат. Адеп-ахлак тарбиясы менен аруу дилдүү адамдарды пайда кылууга аракет кылынат. Ушул максатта, туура эмес иштердин алдын алуу үчүн, адамдын эркти чындоо жана акыл калчап иш тутуу принциби ишке ашат. Айрыкча атайын кылынган жүрүм-турумдар үчүн «тандалган жүрүм-турумдарды» калыптандыруу керек.

Коомчулуктун адеп-ахлакка карата мамилеси, адеп-ахлак тарбиясына да өз таасирин тийгизбей койбойт. Адеп-ахлактуу адам, кеңири мааниде адамдын эркиндиги, өз баалуулуктарын өзү тургузуусу жана өз алдынча чечим чыгаруусу дегендикке жатат. Адептүүлүк, адамдын коомго ылайыкташкандыгынан кабар берет.

Ислам философия тарыхында, Кураны Керим жана Хадис-и Шерифлерде жакшы жана жашоого ыңгайлуу, акыл-эстүү адамдар тарабынан кабыл алынган иш үчүн «маруф» (туура билинген); жаман жана жашоого ыңгайсыз, акылга сыйбаган иш үчүн «мункер» (туура көрүлбөгөн) деген сөздөр колдонулат. Башкача айтканда, көпчүлүк жакшы деп кабыл алынган нерсе аткарылып, жаман болгон нерселерге да тыюу салынат. Бул буйрук жана тыюу ишине таалим тарбия фактору катары көз жүгүртө турган болсок, бул эки негизги принцип адеп-ахлак таалиминин башка максатын чагылдырат.[46]

Адеп-ахлак таалиминде адамдын адептүүлүктү жана бул касиеттерди калыптандырууну негизги максатыбыз деп эсептешибиз керек. Адеп-ахлактуу адамдарды тарбиялоо, жеке адамга багытталган адеп таалиминин милдеттерине кирип, адеп-ахлак тарбиясы максатка ылайыктуу жүрүм-турумдарды калыптандырылат. Бул таалим-тарбиянын натыйжасы жана ийгиликтери жеке адам менен чектелбестен, ал жашаган чөйрөдө тактап айтканда үй-бүлө, коом, иш чөйрөсүндө да эң сонун касиеттери менен жемишин берет.Мында эң чон жоопкерчилик, баланы тарбиялай баштаган алгачкы жана маанилүү чөйрөсү үй-бүлөгө жүктөлүшү табигий көрүнүш.[47] Баланын жакынкы жана алыскы чөйрөсү, анын адеп-ахлактык тарбиясы менен түздөн-түз алектениши зарыл. Адеп-ахлак таалими, акыл-эс менен эркке багытталгандай эле, жүрөккө (дилге) да тийиштүү болуп, жогорку жана ыйык баалуулуктар адамга үйрөтүлүп, сүйдүрүлүп, ошол эле учурда анда кызыгуу сезимин ойготушу зарыл.

Адеп-ахлак таалиминде коомдук чөйрө, ички дүйнө жана коомдук/личностук жөрдөмдөрдүн маанилүү орду бар. Төмөндө бул темалар кыскача талкууга алынган.

[44] Beyza Bilgin-Saffet Bilhan, Anadolu Üniversitesi **AÖF Özel Öğretim Yöntemleri Din ve Ahlâk Bilgisi Öğretimi**, Ankara 1987, 38.
[45] Meral Çileli, **Ahlâk Psikolojisi ve Eğitimi**, Varlık Yayınları, Ankara 1986, 109.
[46] Mehmet Tütüncü, **Türk İslâm Eğitimcisi Zernuci**, İzmir İlahiyat Fak. Vakfı, İzmir 1991, 11.
[47] Aydın, *a.g.m.*, 127.

**г. Адеп (ахлак) таалиминде коомдук чөйрөнүн мааниси**

Адеп-ахлак адамдардын ортосундагы мамилени жөнгө салуучу функцияны аткарган система болуп саналат. Бул системага үйрөнүү жолу менен жетилет. Башка бирөөлөр жүрүм-турумдарыбызга жакшы же жаман деп баа беришпесе, анда адептүү болуу же адепсиздик сыяктуу түшүнүктөр эч кандай мааниге ээ болмок эмес. Чындыгында адептүү жүрүм-турумдар, башка бирөөлөр бизден күткөн жүрүм-турумдар болуп саналат. Айрыкча бала, өз алдынча адеп-ахлак түшүнүгүн калыптандыруу чагына келбегендиктен, жүрүм-турум эрежелерин башка бирөөлөрдөн үйрөнүшү табигий көрүнүш. Бул үйрөнүү жараянында эч болбосо бир кишиге, өтө көп энеге муктаж болот. Балага кайсы иштердин аткарылышы же кайсы иштердин аткарылбашы тууралында алгачкы маалыматтар ушундайча берилет. Чоңойгон сайын энесине жана башка улууларга, акырында курдаштарын жана кичинелерди кучагына алган өзүн канааттандырган жана кызыктырган жакындыкты сезип, жүрүм-турумдарын алардын сындарына карата ылайыкташтырат.[48] Бул социалдашуудагы алачкы кадам болуп саналат.

Адамдык касиеттердин ажырагыс компоненти болгон адеп-ахлак көбүнчө адамдын жакын чөйрөсү тарабынан түзүлөт. Бул жакын чөйрө кээ бир учурда үй бөлөөсүндөгү улуулар, кээ бир учурда мугалими кээ бир заман кесибиндеги устаты, кээ бирде да жакын достору болушу мүмкүн. Аталган чөйрөнүн көбүнчө адамдын балалык жана өспүрүм куракттарында таасири чоң экенин унутпоо керек.[49] Балакатка толгон кезде адам ахлактык касиеттеринин көбүн калыптандырууга жетишет. Анткени андан аркы жашоо тажрыйбасы аны анчалык деңгээлде өзгөртө албайт.

Коомдук чөйрөнүн ахлактык касиеттердин калыптанышына өтө чоң таасири бар. Адам кайсы абалда кандай мамиле кылууну жашап жаткан коомдон же коомдун мүчөлөрүнөн же болбосо жашоо тажрыйбасы менен үйрөнөт. Андан соң үйрөнгөн адеп-ахлак эрежелерин кийинки муунга үйрөтөт. Мына ошондуктан адеп-ахлак педагогиканын негизги предмети болуп саналат. Бирок адеп-ахлак таалими мектептерде же ушул сыяктуу мекемелерде берилген сабактар менен чектелбейт. Бүтүндөй коомду бир мектеп, ал эми ар бир адамды бул мектептин мугалими дагы, окуучусу дагы деп эсептөө керек. Бул көз караш адеп-ахлак эрежелерине ылайык мамиле кылуу маселесинин нукура тамыры болуп саналат. Себеби ар бир адам адеп-ахлак темасына убагы келгенде мугалимдик же окуучулук касиетин көргөзбөгөн коомдордогу мектептерде, мечитерде ж.б.у.с мекемелерде берилген адеп-ахлак таалими жемиштүү жыйынтыкка жетиши кыйындыкка турат.

**д. Адеп-ахлак таалиминде (педагогикасында) ийкемдүүлүктүн мааниси**

Адамдар төрөлгөндөн тартып эле түрдүү жөндөмдөргө ээ болушат. Аларды жалпысынан жеке адамдык жана коомдук деп экиге бөлсөк болот. Жеке адамдык жөндөмдөр: ойноо, бактылуу болуу, сүйүү жана сүйүктүү

---

[48] Güngör, a.g.e., 57-58.

[49] Ahlâkî gelişim kuramları için bkz: Çileli, a.g.e. 15; Çiğdem Kağıtçıbaşı, **İnsan ve İnsanlar**, Evrim Yayınları, İstanbul 1998, 247 vd.

болуу, капалануу жб. кирсе, коомдук жөндөмдөргө: таасирленүү, кубанычы менен кайгысын тең бөлүшүү, тууроо, кызыгуу, урмат сыйга ээ болуу сезимдери ж.б.у.с. кирет. Мына ушул жеке жана коомдук жөндөмдөрдүн жардамы менен таасирлүү адеп-ахлак тарбиясын пайда кылса болот.

Адеп-ахлак тарбиясын таасирлүү кылуу үчүн адамдын бүт шык-жөндөмү жөнүндө маалыматка ээ болуп, ошого жараша иш-аракеттерди уюштуруу зарыл. Психологиялык изилдөөлөр жана тажрыйбалар көрсөткөндөй эле, адамдагы жөндөмдөрдүн көбү жакшылыкка, кээ бирлери жамандыкка себепкер болот. Мисалы, жоопкерчилик сезими адамды жакшылыкка үндөсө, өч алуу сезими жамандыкка негиз болот. Жарышуу сезими болсо кээде жакшылыкка, кээ бир учурларда жамандыкка жол ачышы мүмкүн. Кыскача айтканда адеп-ахлак тарбиячысы болуп саналган ата-эне, мугалим же дин кызматкерлери, адам табиятындагы бүтүндөй ынтаа-шыктарынын жакшылыкка багыттаган сезимдерди ойготуп, аларды өнүктүрүп, жамандыкка себепкер болгондорун мүмкүн болушунча азайтуу зарыл. Негизинен тарбиячынын мындагы аракети, адамдын жакшылыкка же жамандыкка багыттаган сезимдерин жана жөндөмдөрүн, акыл-эс менен колдоно билүүнү үйрөтүү болуп саналат.[50] Ислам дининин адеп-ахлактык негиздери менен принциптери жеке адамдык жөндөмдөргө да, коомдук жөндөмдөргө да ылайыктуу. Мисалы: чынчылдык жеке адамдык жөндөм болсо, аят менен хадистерде баса белгиленген боорукердик коомдук жөндөм болуп саналат. Ислам дини ушул сыяктуу жөндөмдөргө өзгөчө маани берүү менен, койгон принциптеринин негизинде адамдардын ортосундагы мамилелердин сапатын жогорулатып, коомдук турмушту жөнгө салууну көздөйт.

**е. Адеп-ахлак педагогикасында абийир (вииждан) темасы.**

Адеп-ахлак жана анын таалим-тарбиясы жаатындагы изилдөөлөрдө абийир темасы да өзгөчө көңүлүбүздү бурат. Абийир, адамдын жүрүм-турумун жакшы же жаман деп баалап, ошол эле учурда жакшыны колдоп, жаманды кабыл албаган сезим болуп эсептелет. Негизинен абийирге, жакшы-жаманды айырмалоого багыт берген ички көзөмөл деп да айтсак болот. Абийир сөздүк мааниде мындайча колдонулат: *«Адамдын жүрүм-турумуна баа берүүгө түрткү болгон, өздүк адеп-ахлак баалуулуктарына кыйыр мааниде таасир эткен жана ички дүйнөдөн пайда болгон күч».*[51] Күнүмдүк турмушта абийир сөзү, *«абийир иши, абийириме кулак төшөдүм, абийирим жол бербеди, абийирсиз иш кылдым»* деген маанилерде колдонулат.

Абийирди, акыл-эс, сезим жана эрктүүлүктөн башка касиет катары баалай албайбыз. Себеби кандайдыр бир жүрүм-турумду жакшы же жаман экенине, жакшылык-жамандыкка байланышкан түшүнүгүбүзгө ылайык акыл калчоо аркылуу жооп беребиз. Жакшылыкты кубаттаган, жамандыктан алыстаткан сезимдерибиз адеп-ахлак түшүнүгүбүзгө көз каранды болот. Демек, абийир иш-аракет жана жүрүм-турум жөнүндөгү

[50] Bilgin-Bilhan, a.g.e., 38-39.
[51] **Türkçe Sözlük, "vicdan"** maddesi , Türk Dil Kurumu, c. II, Ankara 1988.

маалыматтарга, түшүнүктөргө жана жөндөмдөргө көз каранды болгон ой жүгүртүүлөрдүн жыйындысы болуп саналат.

Абийир, адамдарда башка жөндөмдөр сыяктуу эле тубаса болот. Анын туура же жаңылыш чечим чыгаруусу, алган билимине, маалыматына жана түшүнүгүнө жараша болуп, кыскача алган тарбиясына жараша болот.

Коомдун ар бир мүчөсүнө жакшы менен жаман, жоопкерчилик менен кайдыгерлик туурасында так жан толук маалымат берүү менен бирге, адамзаттын аң сезиминде бул түшүнүктөр менен байланышкан кандайдыр бир ой-пикирлерди жаратуу керек. Ошону менен бирге баалуулук түшүнүгү жана баалуулуктарга таазим кылуу сезимдерин ойготууну да унутпоо зарыл. Адам өмүр бою башка бирөөлөр каалаган жүрүм-турумда боло албайт. Акыл-эси жетилгенден кийин жүрүм-турум эрежелерин системалаштырып, андан соң ар бир жүрүм-турумун ошол системага карата аткарат. Мына ушул учурда ички көзөмөл механизмин түзгөн абийир пайда болот. Абийир бизди адеп-ахлактуу болууга үндөп, кандайдыр бир сырткы көзөмөлсүз эле туура мамиле жасашыбызга шарт түзөт.[52]

Жыйынтыктап айтсак, абийир адеп-ахлак тарбиясынын эң таасирдүү каражаты болуп саналат. Себеби абийирдүү адам эч ким жок жерде да, эч кандай жазага тартылбай турган учурда да жамандыктан алыс турат. Ошондуктан, адамзатын абийирдүүлүккө тарбиялоо, адеп-ахлак таалиминин максаты да, каражаты да болуп эсептелет. Адеп-ахлак баалуулуктары менен ширелишкен абийир, адамзаттын жүрүм-турумдарында дайыма жол башчы экенин унутпайлы.

**ж. Адеп-ахлак педагогикасында колдонулуучу усулдар.**

Адеп-ахлак педагогикасынын илимий негизи, бүгүнкү күндөгү психологиянын табылгалары менен түптөлүшү мүмкүн. Себеби курак психологиясы: адеп-ахлак түшүнүгүнүн калыптанышы жөнүндө терең маалыматтарды берүүдө. Ошондуктан ата-энелер баш болуп, бүтүн тарбиячылар, бул маалыматтардан аз да болсо кабардар болуулары зарыл. Адеп-ахлактык калыптанууга: *«өспүрүмдөр белгилүү жүрүм-турумдарга «туура» же «ката» деп баалоого жол көрсөткөн, кылык-жоруктарын жөнгө салган принциптерге ээ болуу процесси»* деген аныктама берилет.[53] Бул жараяндагы тарбиячынын милдети, сабырдуулук жана кайраттуулук менен баланын акыл-эсин жана рух дүйнөсүн адеп-ахлак негиздери менен ширелиштирүү болуп саналат.

Учурдагы курак психологиясынын табылгалары изилденген учурда, адеп-ахлак тарбиясы муктаж болгон эки негиз көңүлүбүздү бурат. Булар өзүн-өзү башкаруу (autonomi) жана тең салмактуулук (reciprocity) деген ат менен белгилүү. Өзүн-өзү башкаруу көз карандысыз, ал эми тең салмактуулук болсо; ой-пикирдин же адеп-ахлакттык мажбурлоо учурунда калыптана албаган өзгөчөлүктөр болуп саналат.

---

[52] Güngör, a.g.e., 58-59.

[53] Bekir Onur, **Gelişim Psikolojisi**, İmge Kitabevi, Ankara 1995, 136.

Адеп-ахлак педагогикасы, максатка ылайык калыптанууну жаратуу үчүн жашоо жана изилдөө эркиндигине муктаж. Ошондуктан, адеп-ахлак тарбиясындагы негизги эрежеде, тартипти сактоо деген шылтоо менен адамдын мүнөзүн колго алууга же коомдун тарыхый-маданий мурасын улантуу деген шылтоо менен заманга ылайыкташууга тоскоолдук кылууга жол берилбеши керек.[54] Бардык тарбиялык иш-аракеттерде болгондой эле, адеп-ахлак педагогикасында да адамдын кызыкчылыгын көздөгөн усулдарга маани берүү, максатка ылайык ийгилик жаратаарына шек жок.

Баланын адеп-ахлак таалиминде төмөнкү усулдарга көңүл буруу зарыл:

1. **Ачык-айкын мисалдарды берүү.**

Таалим-тарбия психологиясындагы маалыматтар менен тажрыйбалар баланын бир кыймылды же жүрүм-турумду көрүүсү, андагы тууроо жана кайталоо сезимдерин ойготоорун көрсөтүп турат. Балага балалык чагынан тартып эле, адеп-ахлактык касиеттерди (чынчылдык, эмгекчилдин, жардам берүү ж.б.) үйрөтүүгө аракет кылынып, аларга ачык-айкын мисалдарды берүү пайдалуу болот. Себеби бала үйрөнүү функциясын аткарууда эң жөнөкөй жана негизги принциптердин бири туроону колдонот. Демек, адеп-ахлак тарбиячылары балага жакшы кыймыл-аракеттерди жана жүрүм-турумдарды көрсөтүү менен, аларга туура жүрүм-турумдарды тандап алууну үйрөтүү зарыл.

2. **Адеп-ахлак таалимин жүрүм-турумдарды калыптандырууга жана алардын ички дүйнөдөн орун алышын камсыз кылууга багыттоо.**

Башка тарбия жаатында болгондой эле, адеп-ахлак таалиминде да негизги максат, адамда туура көз караш жана жүрүм-турумдарды калыптандыруу болуп саналат. Мында жалгыз гана адеп-ахлакты үйрөтүү жетишээрлик эмес. Себеби бала ички дйнөсүнө жайгаштырган адеп-ахлак принциптеринин жардамы менен жүрүм-турумдарын жана табиятын ондошу мүмкүн.

3. **Адамдын каалоо сезимдерин жана жөндөмдөрүн жакшы жүрүм-турумдарга багыттоо**

Адеп-ахлак тарбиячылары баланын жеке жана коомдук жөндөмдөрү тууурасында толук маалыматка ээ болуу менен бирге, окуу-тарбия иш аракеттерин буларга жараша уюштуруусу керек. Бул жагдай жогоруда адеп-ахлак педагогикасында ийкемдүүлүктүн мааниси деген темада кеңири баяндалды.

4. **Сый-урмат сезимин калыптандыруу**

Адеп-ахлак педагогикасындагы эң маанилүү темалардын бири да «сый-урмат» сезими болуп эсептелет. Сый-урмат сезими алгач өзүнө, чөйрөсүнө,

---

[54] Çileli, **Ahlâk Psikolojisi**, 109-110.

ата-энеге жб. улууларга, тарбиячыларга, айбандарга дегеле бүт адамды курчап турган бүт нерсеге карата болуусу шарт. Ызат-сый чексиз өзүн-өзү жерге чабуу же кемсинтүү эмес. Тескерисинче табиятындагы улуулукка жетишүүсү болуп саналат.

Тарбиядагы алгачкы милдетибиз сый-урмат тажрыйбаларын жаратуу болуп саналат.[55] Себеби адеп-ахлак таалиминде «өзүн-өзү сыйлоо» принцибинен пайдаланса болот. Жаман жорук жасаган же жүрүш-турушу начар балдарга «жинди, колунан иш келбеген, акылсыз» сыяктуу намыска тийүүчү сөздөрдүн ордуна, «Өзүңө боор оорусаң боло? Сага жарашабы? Уят эмеспи?» деген сыяктуу оң маанидеги сөздөрдү айтуу шексиз түрдө жакшы натыйжа берээри анык. Мындай усул баланын өзүнө болгон урматын дагы да күчөтөт. Өзүн-өзү сыйлаган, башканы да сыйлоону үйрөнөт. Сый-урматтын акыбетинин да жакшы экенин түшүнөт. Бул учурда диний ишеним да чон роль ойнойт.

**5. Адеп-ахлактык жүрүм-турумдарга ыңгайлуу шарттарды түзүү**

Адеп-ахлактык жүрүм-турумдарга ыңгайлуу шарт түзүү, адамдардагы жөндөмдөрдү мүмкүн болушунча калыптандырат. Ошондуктан жаман адаттарды үйрөнүүгө жол бербей, терсинче жакшы касиеттердин жана жүрүм-турумдардын пайда болушуна шарт түзүү зарыл. Адамдагы жакшы сапаттарга жана адеп-ахлактык өзгөчөлүктөргө канчалык ыңгайлуу шарт түзүлсө, ошончолук сезимдер жана толкундоолор пайда болуп, күчүнө кирет.

**6. Аң сезим жана эрктүүлүктү калыптандыруу**

Аң сезимдин тунуктугу жана эрктин чындыгы, кээ бир жөндөмдөрдү калыптандырып, кээ бирлерин жокко чыгарууга өбөлгө болот. Адамдын эрки балалык чагынан баштап чыңдалышы абзел. Эрктүү адамдарды тарбиялоодо дени-сактык жана аң сезимди туура маалыматтар менен ширелиштирүү өзгөчө ролду ойнойт. Эрктүүлүк жана чечкиндүүлүк, иш жүзүндө белгилүү болот. Жүрүм-турумдары чектелгендер, дайыма башка бирөөлөрдүн айтканынан чыкпагандар эрки бош адамдар болушат. Алар эч качан өз эрки менен иш кыла алышпайт. Диний аңгемелер, белгилүү адамдардын жашоо образдары, жомоктор жана ангемелер өспүрүмдөрдүн эркинин калыптанышына өтө чоң таасир этет. Ошону менен бирге, мугалимдер жана тарбиячылар чечкиндүүлүктөрү менен аларга үлгү боло алышат.

**7. Абийирдүүлүктү (вижадан) калыптандыруу жана анын таалимин уюштуруу**

Абийирдүүлүктү калыптандыруу бала чактан башталган таалим-тарбиянын негизинде ишке ашат. Адам кылган ишинин туура же ката

[55] Nureddin Topçu, *"İlkokullarda Ahlâk Eğitimi"*, **İslâm Medeniyeti Dergisi**, İstanbul, Kasım 1967, 25.

экенин өзү андап биле турган дегээлге жана өзгөчөлүккө ээ болуусу шарт. Демек, адам жүрүм-турумунун жыйынтыгын чыгарып, эгер жаман иш кылса, ага кайгырып, өкүнүч сезимине кабылат. Мына ушундай өзгөчөлүккө ээ болуу менен, анда ички көзөмөлдөө механизмин аткарган абийир (виждан) пайда болот. Жамандыктарды жазалануу коркупучунан эмес, анын жаман жүрүм-турумдардын катарына киргенинен улам, андан алыс турат.

Ички көзөмөл механизми катары (өзүн-өзү көзөмөлдөө) абийирдүүлүктүн (виждан) калыптанышы жана таалими адеп-ахлак тарбиясындагы негизги максатыбыз жана каражатыбыз болушу шарт. Мына ошондуктан адеп-ахлак тарбиясы, өспүрүмдөрдү адеп-ахлактык маалыматтарга гана ээ кылбастан же кандайдыр бир ахлактык өкүм чыгаруучу гана эмес, жүрүм-турумдарыбызды түзгөн ички жана сырткы күчтөр тууралуу маалымат берүүнү жана абийирдүүлүктү (виждан) пайда кылууну көздөйт.[56]

**8. Сүйүү сезиминин алкагын кеңейтүү**

Адам алгач өзүнөн тартып, бүтүндөй мамиле түзгөн адамдарды сүйө билиши шарт. Үй-бүлөдө башталган сүйүү алкагы, тууган, коңшу, жердеш жана бүтүндөй адамзатты курчашы мүмкүн. Таалим тарбияда сүйүү сезими эң керектүү каражат болуп саналат.[57] Сүйүү алкагынын кеңейиши, адеп-ахлак тарбиясын ийгиликке багыттайт.

**9. Жакшыга, тууpага жана сулуулукка болгон сүйүүнү чыңдоо**

Жакшылык, туралык жана сулуулук сыяктуу түшүнүктөр, адеп-ахлактын негизги булактары болуп саналат.[58] Ушул сыяктуу улуу түшүнүктөр, рухий тарбияны калыптандырып,[59] өспүрүмдөрдүн ыйык адеп-ахлактык нормаларга ылайык аракет кылуусуна көмөктөш болот.

**10. Төп келишкен жана тең салмактуу тартипке ээ болуу**

Тартип, моюн сунула турган эрежелердин тизмеси эмес, өтө терең мааниге ээ. Анткени максаттуу аракеттер, ылайыктуу чөйрө, биргеликте эмгектенүү адаты, өзүн-өзү көзөмөлдөө сыяктуу түшүнүктөр тартиптин негизги шарттары болуп эсептелет.[60] Чыныгы тартип, жүрүм-турумдарын жана табитин эч кандай мажбурлоосуз көзөмөлгө алуу болуп саналат. Муну ишке ашырууда эркиндикке чек коюлбастан, өзүн-өзү башкара билүү даражасына жеткирүү жана жол көрсөтүү абзел.

**11. Диний адабияттардан, тарыхтан жана технологиялык каражаттардан пайдалануу.**

Адеп-ахлактык жүрүм-турумдарды жаратууда Куран жана Хадистерде орун алган аңгемелерди, тарыхта жашап өткөн дин аалымдарынын

---

[56] Kerim Yavuz, **Günümüzde Din Eğitimi**, ÇÜİF. Yay., Adana 1998 , 232.
[57] Veysel Sönmez, **Sevgi Eğitimi,** Adım Basın-Yayım, Ankara 1990, 131.
[58] bkz. Yavuz, **a.g.e.,** 226 vd.
[59] bkz. Ahmet Hamdi Akseki, Ahlâk ilmi ve İslâm Ahlâkı, Nur Yayınları, Ankara, 1991, 165- 182.
[60] Leyla Küçükahmet, **Öğretim İlke ve Yöntemleri,** Gazi Yay. Ankara 1995, 82.

турмушун үлгү көрсөтүү менен, учурда кеңири таралган заманбап диний кинолор, мультфильмдер, CD, VCD жана DVDлерден да пайдалансак болот. Айрыкча бул материалдар өспүрүмдөр үчүн кызыктуу жана аларды тарбияга багыттаган каражаттар болуп саналат. Куранда жана хадистерде баяндалган ангемелерди жб. диний-адеп-ахлактык аңгемелерди адеп-ахлак тарбиясына үлгү боло турган эң сонун булактар десек жаңылбайбыз.[61]

**Корутунду**

Бул дүйнөдө адам адеп-ахлактуу иштерди жасай билүүсү үчүн, алгач нравалык жактан таалим-тарбия алышы зарыл. Албетте бул таалим-тарбиянын негизги максаты адамды эң сонун адеп-ахлакка жеткирүү болуп саналат. Себеби, адеп-ахлак жалпы маанидe жакшы же жаман деп өзгөчөлөнгөн жүрүм-турумдар менен алектенет. Адам качан гана жамандыктан алыстап, жакшылык кылуудан көңүлү көкөлөгөн мүнөзү калыптанган учурда чыныгы адептүүлүккө ээ боло алат.

Адеп-ахлак жана анын таалиминин предмети, адам жана алардын ортосундагы мамилелер болуп саналат. Бул темадагы изилдөөлөр, сырттан жеке адамга багытталгандай сезилсе да, чындыгында адамдын сырткы чөйрөсү менен болгон мамилелерин жөнгө салган функциясы менен коомдук өзгөчөлүккө ээ. Учурда мындай эмгектердин жана изилдөөлөрдүн табылгаларын күнүмдүк турмушубузда ишке ашыруу өтө актуалдуу маселелердин бири. Анткени адамдын алгач өзүнө, коомго, бирге жашаган адамдарга, руханий жана материалдык чөйрөсүнө карата жоопкерчиликтери бар. Тилекке каршы бүгүнкү күндө бул жоопкерчиликтерге кайдыгер мамиле жасалууда.

Жогорку деңгээлде бериле турган адеп-ахлак таалими, жашап жаткан чөйрөбүздү көркүнө көрк кошмокчу. Коомдогу системанын толук кандуу иштешине жардам берип, адамдардын ортосундагы мамилелердин деңгээлин жогорулатып, дүйнөлүк тынчтыкка эбегейсиз салымын кошмокчу.

[61] Daha geniş bilgi için Bkz: Beyza Bilgin, "*Ahlâk Terbiyesinde Dini Hikayeler*", Din Eğitimi Araştırmaları Dergisi, Sayı:1, 51 vd; Macid Yılmaz, İslâm Ahlâk Eğitiminde Kuran Kıssaları,C.Ü. Sosyal Bilimler Enstitüsü, Basılmamış Yüksek Lisans Tezi, 40-63.